**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссиясы**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ

## БАЛДАР ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

**Бишкек – 2023**

УДК 372.874.1(031)
ББК 74.268.51я2
К 76

Китеп Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүлгөн басылмаларды илимий-редакциялык талдоодон өткөрүү боюнча редакциялык-эксперттик комиссия басууга сунуштаган:

Ж.К. Орозобекова, Н.К. Маражапова, А.А. Акматалиев, Т.А. Коңурбаев, Г.Т. Курманбекова, Т.Ж. Чортонбаев, К. Джумабаев.

К 76 **Көркөм сүрөт өнөрү:** Балдар энциклопедиясы. / Түз.: М. Молдалиева. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 100 б.

ISBN 978-9967-14-172-8

Бул «КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ» балдар энциклопедиясы мектеп окуучуларына арналат. Ошондуктан, көркөм сүрөт өнөрү боюнча балдардын жаш өзгөчөлүгү эске алынып, аларга тиешелүү гана терминдер тандалып алынды. Китепте көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө балдарга ылайыктуу стилде кыскача маалыматтар берилген.

УДК 372.874.1(031)
ББК 74.268.51я2

ISBN 978-9967-14-172-8

© Түзгөн Молдалиева М., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

## БАЛДАРГА ТАБЕРИК

Албетте, мектеп окуучулары илим менен билимдин жана чыгармачылык өнөрдүн ар түрдүү тармактары боюнча түшүнүктөрү кеңири болуп өскөнү жакшы. Ал үчүн тармактык эң жөнөкөй энциклопедиялык жыйнактар абдан керек. Анткени окуу китептерден алган программалык материалдар жетишсиз болот, алардан алган билимин тереңдетип отурса гана окуучуларда келечектүү жана негиздүү билим калыптанат. Ошону менен бирге, көркөм өнөр – бул жаш адамдын руханий дүйнөсүн калыптандырууда ролу чоң каражат. Окуучу илимий билим менен гана эмес, айрыкча, чыгармачылык менен да калыптанат жана өнүгөт. Көркөм өнөргө шык-жөндөмү бар балдардын жөндөмүн байкап, аларга ошол багыттагы билимдин негиздерин берүү, атап айтканда, көркөм өнөр сабагынан алган билимин практика жүзүндө тереңдетүү, маалыматтуулугун арттыруу абдан зарыл.

Ушул багытта түзүлгөн бул энциклопедиялык жыйнакта көркөм өнөр багытында окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүүнү көздөгөн маалыматтар системага салынып, ырааттуу берилген. Балдарга тиешелүү терминдер алфавиттик тартипте жайгаштырылып, балдарга ылайыкталып, жөнөкөй тил менен жазылган. Тактап айтканда, терминдер, алардын түрлөрү, жанрлары (мисалы, автопортрет, акварель, живопись, сайма ж. б.), ошондой эле аларда колдонулуучу каражаттар, мисалы, боёк, карандаш ж.б. анын колдонулушу тууралуу да маалыматтар сүрөттөр менен коштолуп орун алган. Алар кыргыз турмушуна жакын материалдар менен байытылган. Окуучулар өнөрлүү болуу менен тандап алган багытында терең билимге да ээ болуусу максаттуу көрүнүш. Ошондуктан, түзүүчү-автор М. Молдалиева кол жазмасында ар бир терминдин этимологиясын да жөнөкөй тил менен түшүнүктүү кылып берип отурган.

Жыйынтыктап айтканда, бул энциклопедиялык жыйнак балдарга, айрыкча, ушул багыттагы таланттуу, шыктуу балдарга өтө керек жана китеп кылып басып чыгаруу зарыл деп белгилейм.

**С. К. Рысбаев**
Балдар жазуучусу, акыны,
педагогика илимдеринин
доктору, профессор

## КЫМБАТТУУ ЖАШ ОКУРМАНДАР!

Кыргыз көркөм сүрөт өнөрү байыркы заманда эле башталганын тарых барактарынан, маданий мурастардан билебиз. Аларды бүгүнкү күнгө чейин колдонуп жүргөн улуттук кийимдерибиздеги жана буюмдарыбыздагы тартылган оймо-чиймелерден, саймалардан көрүүгө болот. Мисалы, чоң энелерибиз ар түрдүү кооздуктардын, саймалардын, шырдак-кийиздердин оймо-чиймелеринин сүрөтүн адегенде тартып алышкан. Аларды ар түрдүү буюмдарга түшүрүп, көркөмдөп жасашкан. Ошондой эле анын баары көчмөн турмуштун шарттарында улам өнүгүп турган.

Балдар тамга тааныгандан да мурда өз жөндөмдүүлүгүн көбүнчө сүрөт тартуудан башташат эмеспи. Сүрөт өнөрүнүн балдарга болгон пайдалуу жагы абдан чоң: биринчиден, балдардын дүйнө таанымын, көз карашын, байкоосун, эске тутуусун өрчүтөт жана кеңейтет. Экинчиден, балдардын эмгектенүүгө, аракеттенүүгө болгон жөндөмдүүлүгүн арттырат.

– Балдар! Силер сүрөт тартканга абдан кызыгасыңар. Ошол себептүү, бул «Көркөм сүрөт өнөрү» энциклопедиясынан сүрөт тартуунун техникасын жана ага кандай каражаттар керек экендигин үйрөнөсүңөр, ошондой эле көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү же болбосо алардын кандай жанрларга бөлүнөрүн жана башка ушул сыяктуу маалыматтар менен ыр, жомок, макал, тест, жаңылмач, табышмактардын коштоосунда таанышасыңар. Көркөм сүрөт өнөрү негизинен сүрөт, живопись, скульптура, графика, фотоискусство, дизайн, каллиграфиядан турат жана алар жанрларга бөлүнөт. Алардын ар биринин өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. Ошондуктан балдар, көркөм сүрөт өнөрүнүн түрдүү ыкмаларын жана алардын табышмактуу сырларын билип алгыла!

**Түзүүчүдөн**

**БИЛИМ – ӨМҮР АЗЫГЫ**

# Аа

## АВТОПОРТРЕТ

– Балдар! Силер автопортрет деген сөздү угуп жүрөсүңөр. Бирок маанисин билбешиңер мүмкүн. Автопортрет – бул сүрөтчүнүн күзгүдөн карап, өзүн-өзү тарткан сүрөтү. Демек, сен өзүңдүн сүрөтүңдү өзүң тартсаң, анда ал автопортрет болуп саналат. Бул портреттик жанрдын өзгөчө түрүнө кирет.

Силер көрүп турган төмөнкү сүрөт автопортрет деп аталат, балдар. Себеби, кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн баштоочусу, таланттуу сүрөтчү Семён Чуйков атаңар өзүнүн сүрөтүн өзү тарткан.



*Автопортрет. Семён Чуйков.*

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Асманда бар, жерде жок.
Саманда бар, чөптө жок.
(«.» тамгасы)

## АЙТИЕВ ГАПАР

– Таанышып алгыла, балдар! Бул СССРдин эл сүрөтчүсү жана Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, коомдук ишмер, Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры, алгачкы кыргыз сүрөтчүсү, кыл калемдин улуу чебери – Айтиев Гапар атаңар. Кыргыз улуттук сүрөт өнөрүнүн негиздөөчүлөрүнүн бири болгон. Ал 1912-жылы Ош областынын Кара-Суу районуна караштуу Төлөйкөн айылында туулган. Бала кезинен эле ал сүрөт тартканга шыктуу келип, өтө эмгекчил, аракетчил болуп чоңойгон. Сүрөт тартуудан тажаган эмес. Мектепти бүткөндөн кийин 1932-жылы Фрунзе агартуучулук институтунан билим алып, Жалал-Абад педагогикалык окуу жайында окутуучу болуп эмгектенген. Ал эми сүрөтчүлүк боюнча атайын билимди 1935–1938-жылдары Москва шаарындагы Көркөм сүрөт окуу жайынан алган.

Ал кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнө чоң салым кошкон. Анын «Кыргыз жергеси», «Боз үйлөр», «Саякбай», «Токтогул», «Көлдөгү кайык», «Кайыктар», «Акындар», «Фронттон кат», «Жылкычы», «Кыштак четинде», «Чабандар», «Кечки тынчтык», «Түштүк кызы», «Жумгал өрөөнүндө», «Сазда», «Жалтылдаган көл», «Пахта терүү», «Талаадагы тандыр», «Колхоз короосу» жана башка ушул сыяктуу көптөгөн мыкты чыгармалары бар. Г. Айтиев сүрөттө бир гана жанр менен чектелген эмес. Ал кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун тарыхында пейзаж, сюжеттик-тематикалык сүрөттөрдү, портрет, монументалдык скульптураларды да жасаган. Бирок пейзаж аркылуу өзгөчө эстетикалык сулуулукту таба алган, ички дүйнөсүн чагылдыра билген таланттуу сүрөтчү болгон. Анын эмгектери союздук республикалардан сырткары Германия, Кытай, Канада, Япония, Швеция, Бельгия, Польша, Монголияда көрсөтүлгөн. Алардын айрымдары учурда Москва, Алматы, Казань, Львов, Баку шаарларынын музейинде сакталып турат. Өмүрүнүн аягына чейин сүрөт тартып, дүйнөгө белгилүү шакирттерди да тарбиялаган. Мындан сырткары, коомдук-саясий иштерге активдүү катышып, өлкөнүн маданият тармагынын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон. Ал Ленин ордени, эки жолу Эмгек Кызыл Туу жана «Ардак Белгиси» ордендери жана бир нече медалдар менен сыйланган.



*Гапар Айтиевдин сүрөт тартып жаткан учуру*



*«Чабандар» Г. Айтиев*

– Көрдүңөрбү, балдар. Гапар Айтиев бул сүрөттү өзгөчө жогорку чеберчиликте жараткан.

**АКВАРЕЛЬ** – бул сууда эзилчү жана оңой жуула турган боёк, балдар. Акварель деген сөз француз тилинен алынган, суу боёктору дегенди билдирет. Ошондой эле аны менен тартылган сүрөт да акварель деп аталат. Ал кадимки эле сууга эзилип алынган боёк менен кагазга, тегерек жебилге менен тартылат. Мындай сүрөт тартуунун мүмкүнчүлүктөрү абдан кенен, бирок анын кыйынчылыктары да бар. Кээде жетишпей калган жерлерин кайрадан оңдоп чыгууга да мүмкүн болбой калат. Акварель кээде тунук эмес, коюу ак боёктор менен тартылат, мындай учурда материалдын негизги касиети кескин өзгөрөт жана ал гуашь боёгунун өзгөчөлүктөрүнө жакындайт. Таза акварель байыркы кылымда кеңири пайдаланыла баштаган. Акварель боёгу негизинен, тунук жана сүрөттүн өңүнүн тазалыгы менен айырмаланат. Кыргызстандын сүрөт искусствосунун акварель жанрына белгилүү киноактёр, сүрөтчү С. Чокморов жана белгилүү сүрөтчү М. Оморкулов агайыңар жана башка бир нече кыргыз сүрөтчүлөрү салым кошкон.

## ЭЛ ИЧИ – ӨНӨР КЕНЧИ



*Акварель менен тартылган бактылуу үй-бүлө*



*Балдар сүрөт тартышат. Акварель.*



*Акварель менен тартылган куш*



*Акварель менен тартылган көпөлөк*

**ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ**

Көп-көп көпөлөк,
Көп болуп көкөлөп,
Көргүн деп көксүтүп,
Көңүлдү көтөрөт.



*Акварель. Шабдаалы.*

**ТЕСТ**

1. Акварель менен тартылган сүрөт кандай аталат?
   а) боёк
   б) гуащь
   в) акварель

2. Көпөлөктө (10-бетте) кандай түстөр колдонулган?
   а) ак, кызыл, кара, сары
   б) сары, күрөң, көк, мала кызыл
   в) ак, сары, мала кызыл, күрөң

**АЛЬБОМ** деген эмне экенин силер жакшы билесиңер, балдар. Биринчиден, бул сүрөт тартуу, автограф алуу, почта маркаларын жабыштыруу үчүн атайын кабатталып жасалган мукабалуу актай барактар. Албетте балдар, силер альбомго сүрөт тартасыңар же маркаларды жабыштырасыңар. Мисалы, өзүңөр жактырган дүйнөлүк мыкты футболисттердин сүрөттөрүн же машиналардын сүрөттөрүн жабыштырганды жактырасыңар. Экинчиден, картина, фотосүрөт,

чийме жана башкалардын китеп түрүндө чыккан жыйнактары да альбом болуп саналат. Ошондой эле, учурда заманбап альбомдор жасала баштады, мисалы, майрам күндөргө жана туулган күндөргө же өсүмдүктөргө, жаныбарларга карата атайын арналып даярдалган электрондук альбомдор бар.




*Альбом*



**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Ичин тамгасыз койгон
Китеп дейин десем,
Он эки беттүү, тамгасыз, жолдон
Оңой нерсени окуучум ойлон.
(……)

**АНСАМБЛЬ** (француз тилинен алынган, «чогуу» дегенди билдирген сөз) деп көркөм сүрөт искусствосунда бир нече көркөм чыгармалардын бир топтомун, биримдигин же бир бүтүндүгүн айтабыз. Ансамбль – бул сүрөтчүнүн идеясы боюнча көркөм искусствонун ар кандай түрлөрүнүн, мисалы, скульптуранын архитектура менен өз ара бири-бирине айкалышкан топтому. Буга Бишкек шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы филармониянын сырткы көрүнүшүндөгү скульптура менен архитектуранын бири-бирине айкалышып турганы мисал боло алат жана алар бирдиктүү бир ансамблдик түзүлүштү көрсөтөт. Ансамбль ошондой эле өзүнчө алынган көркөм чыгармага карата да колдонулат.



*Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониянын ансамблдик сырткы көрүнүшү. Бишкек ш.*



*А. Малдыбаев атындагы опера-балет театрынын ички ансамбли. Мында сүрөт, скульптура жана архитектура менен айкалышып турат.*

– Ансамбль эмне экенин түшүндүңөрбү, балдар?

# Бб

– **БИР ШИЛТЕМ,** бир сүртүм, же набросок деп эмнени түшүнөсүңөр, балдар? Бул көркөм сүрөт искусствосунда сүрөтчүнүн тез тарта салган сүрөтү же анча чоң эмес көлөмдөгү живопись, скульптура сүрөтү болуп эсептелет. Сүрөтчү бир чоң сүрөт тартаар алдында кээ бир байкоолорун тез түшүрүп калуу үчүн бир шилтем жасап алат. Бир шилтем – бул сүрөтчүнүн (натуранын жардамысыз) бир нерсени эске тутуп калуусу боюнча да тартыла берет. Композициялык типтеги бир шилтем жалпысынан эскиз деп да аталат.



*Тыйын чычкан. Бир шилтем*

– Балдар, бул тыйын чычкандын сүрөтүн карап көрөлү. Бул сүрөт карандаш менен оңой эле тартылган сыяктуу, бир шилтеп койгондой. Силер да сүрөттөгүдөй кылып тартып көргүлөчү. Тарта аласыңар, балдар. Бул абдан кызыктуу. Ошондой эле төмөнкү «Эне жана бала» деп аталган сүрөткө да бир шилтем жасап көрсөңөр болот.

## БИЛБЕГЕНДИ БИЛИП АЛ



*Эне жана бала. Бир шилтем*

– Балдар, силер да бир шилтемдерди аткарып көргүлөчү!

## ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Тамчыдай денедеги сүтүң менен,
Талпынтып ак бешикке баккан энем.
Нуруңа, мээримиңе магдыраткан,
Маңдайда менин батпас күнүм белең.

Кайырма:
АСЫЛ ЭНЕМ, ТААЛАЙЫМ – СЕНСИҢ ЭНЕМ
ЖЫРГАЛЫМ – СЕН, БАКЫТЫМ СЕН,
СҮЙҮКТҮҮ МЕНИН ЭНЕМ.

Түбөлүк түн күзөткөн канаттуудай,
Уйкудан чолпон көзүн ачкан энем.
Алдыңа ажал келип турса дагы,
Мен үчүн жанды курман кылат элең.

Обону: А. Атабаевдики
Сөзү: С. Өмүрбаевдики

**БИСКВИТ** деген сөз француз тилинен алынган. Бул – көркөм керамикада ак көзөнөкчөсүз, күңүрт, жылтырабаган фарфор жана андан жасалган нерселер. Бисквит майда скульптурага материал катары пайдаланылат. Кээде литофания үчүн жана идиштерди (карапаларды) жасоодо рельеф колдонулат.

Бисквит да көркөм сүрөт өнөрүндө өзгөчө орунду ээлейт. Бул да байыркы заманда эле пайда болгон жана ушул күнгө чейин эл арасында сакталып келет. Кийин саргыч түс менен айырмаланган «мрамор париан» деп аталган түрү колдонула баштаган. Учурда ал дүйнө жүзүндө кеңири тараган. Ар кандай сүрөттөлүштөгү бисквиттерди күнүмдүк турмушубуздагы буюмдардан же болбосо, сувенирлерден, музейлерден көрүүгө болот.



*Скульптуралык ак түстүү бисквит*

## БОЁК

Көркөм сүрөт өнөрүндө колдонулуучу атайын даярдалган суюк, илешкек же катуу заттарды же кошундуларды боёк, краска дейбиз, балдар! Ал кагаз, кездеме, тери, пластмасса, резина жана башкаларды боёодо колдонулуучу түстүү органикалык бирикмелер болуп эсептелет. Боёктор байыркы заманда эле пайда болгон. Кыргыздар табигый боёкторду көбүнчө өсүмдүктөрдүн жалбырагынан же тамырынан (мисалы, эндик, чүкүрүнүн тамыры, анардын кабыгы ж. б.) алышкан. Ал эми терини же жүндү боёгондо темирди, жоошону колдонушкан жана алардан абдан кооз асем буюмдарды жасашкан. 19-кылымдын ортосунда сапаттуу синтездик боёктор көп чыгарылып, табигый боёктор кеңири колдонулбай калган. Алардын сапаты молекулаларынын химиялык түзүлүшүнө байланыштуу. Техникалык жактан материалдарды боёо жана аны колдонуу шартына жараша түздөн-түз боёочу, негиздик, булгаары, ацетат жибегин, синтездик булаларды боёочу пигменттер, лактар болуп бөлүнөт. Боёктор кинофильм, мультфильм жана сүрөт иштеринде, анализдик химияда, медицинада, басмаканада ж. б. тармактарда кеңири колдонулат.



– Балдар, силер сүрөттөн көрүп тургандай, боёктун сары, кызыл, көк сыяктуу көп түрлөрү бар.

**ӨНӨР – АККАН БУЛАК**
**БИЛИМ – КҮЙГӨН ЧЫРАК**

– **БОЁК МЕНЕН СҮРӨТ ТАРТУУНУ** силер жакшы билесиңер, балдар! Биз боёк менен өзүбүз каалагандай ар түрдүү сүрөттөрдү тарта алабыз. Ал үчүн биринчиден, биз боёкту даярдап алуубуз керек. Кандай материалга кандай ыкмада сүрөт тартабыз, анын баарын алдын-ала чечип алганыбыз туура болот.

**ЭСКЕРТҮҮ:** – БАЛДАР, БОЁКТУ КОЛДОНУУДА ЭТИЯТ БОЛГУЛА! БОЁКТУ КАРМАП ЖАТЫП, КӨЗҮҢӨРДҮ ЧУКУЛАБАГЫЛА, ЖЫТТАБАГЫЛА! КОЛУҢАРДЫ, КИЙИМИҢЕРДИ БУЛГАБАЙ, ТӨГҮП АЛБАЙ, АБАЙЛАП КОЛДОНГУЛА!

**АДАМ КӨРКҮ – АДЕП**



*Түрдүү түстөгү боёктор*



*Боёк менен сүрөт тартуу каражаттары*

# Вв

– **ВАЗОПИСЬ** деген эмне экенин билесиңерби, балдар? Бул көркөм искусство тарыхында – идиштерди кооздоп сүрөт тартуу дегенди билдирет. Бул жасалгалык сүрөт тартылып же көркөм сүрөт түшүрүлүп, дээрлик дайыма керамикалык жол (идиштин бетине атайын боёктор менен сүрөт тартылып, күйгүзүү жолу) менен аткарылат. Вазопистин эң мыкты жана көп сандаган үлгүлөрүн байыркы грек көркөм искусствосу, байыркы Батыш Европанын көркөм искусствосу, 18–19-кылымдарда орус көркөм искусствосу калтырган.

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Отуруп алып ичин ачам,
Баатырларга аралашам.
Аябаган кызыкка батам
Аягына жеткенче шашам.
(.....)



*Вазопись жолу менен жасалган ваза*

# Гг

**ГАЛЕРЕЯ** – бул терминдин бир нече мааниси бар. 1) сүрөт галереясы – сүрөттөрдүн туруктуу көргөзмө жайы; 2) бир жак капталы бүтүндөй колонналардан (түркүктөрдөн) турган төбөсү жабык узун имарат же узун балкон; 3) театр залынын жогорку ярусу (галёрка); 4) көптөгөн сүрөт музейлеринин аталышы (улуттук галерея, сүрөт галереясы); 5) өтмө маанисинде узун катар, тизмек дегенди билдирет.

Ал эми көркөм сүрөт өнөрүнө гана тиешелүү галерея жөнүндө айта турган болсок, балдар. Бул – көптөгөн сүрөттөрдүн топтому, жыйындысы жана алардын туруктуу көргөзмө жайы болуп эсептелет. Мисалы, аларды төмөнкү сүрөттөрдөн көрсөңөр болот.



*Сүрөт галереясы*



*Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт искусство музейиндеги сүрөт галереясы. Бишкек ш.*

– Балдар, силер да ушул музейге барып, сүрөт галереясы менен таанышсаңар болот.

## БИЛБЕГЕНДИ БИЛИП АЛ

### ГРАВЕР

– Балдар, гравер деп уктуңар беле? Гравер деп көркөм искусство тармагында гравюра каражаттары менен кайталангыс көркөм чыгармаларды түзүүчү же башка авторлордун эмгектерин иштеп чыккан сүрөтчүнү айтабыз. Француз тилинен алынган сөз, «оюп чегүүчү» дегенди билдирет. Мисалы, металлда, ташта, айнекте, жыгачта эмгектенген уста – гравер болуп саналат.

### ГРАВЮРА

– Эми балдар! гравюра деген сөздү карап көрөлү! Гравюра – «оюп чегүү» дегенди билдирет. Бул көркөм искусстводо тактанын бетинде оюлуп чегилген көркөм искусство чыгармаларын өз ичине камтыган графиканын бир бөлүгү. Графиканын бул бөлүгүнө тиеше-

лүү өзүнчө көркөм өнөр чыгармасы гравюра деп аталат. Байыркы заманда кандайдыр бир буюмдун оюлуп жасалуучу техникалык бөлүгүн атайын усталар аткарган. Тактаны тазалоодон баштап, бүткүл ишти сүрөтчү өз колу менен аткарса, түп нускадагы гравюра деп аталган.

**БИЛИМ – КЕНЧ**
**ЭМГЕК – АНЫН АЧКЫЧЫ**

**ГРАФИКА** – сүрөт өнөрүнүн бир түрү. Бул «жазуу», «чийүү», «сүрөт тартуу» дегенди билдирет. Буга сүрөт, гравюра, литография, монография, шрифттер жана башкалар кирет. Графикада ак, кара түстөр, кээде түрдүү түстөр колдонулат. Негизинен кагаздын бетине карандаш менен же пастель, сангина жана бор сыяктуу кургак каражаттар, ошондой эле сыя, тушь менен тартылат. Графика өнөрү китеп, гезит-журнал (иллюстрация, басма чыгармаларынын жасалганышы жана түзүлүшү), колдонмо (почта маркалары, экслибристер), станоктук графика (эстамп, лубок) жана плакат жанрлары болуп бөлүнөт.

Көркөм сүрөт өнөрүнүн бири болгон графика байыркы кылымдан бери дүйнө жүзүнө кеңири тарап, кылымдан-кылымга өнүгүп келе жатат. Алардын катарында кыргыз графикасы да бар. Графика чыгармалары музейлерде жана көргөзмөлөрдө гана көрсөтүүгө багытталбастан, биринчи кезекте массалык аудиторияда кеңири тараган.

– Балдар, учурда силер графиканы бардык эле коомдук жайлардан көрө аласыңар. Себеби, графика силер жашаган аймактарда, гезит-журналдарда, китеп беттеринде, атайын альбомдордо, акча бирдиктеринде, этикет-маркаларда, плакаттарда, компьютерлерде ж. б. чагылдырылып, абдан өнүккөн. Ошондой эле, идеялык-маданий багытта балдарга көркөм тарбия берүүдө графиканын өтө чоң мүмкүнчүлүктөрү бар.

Кыргыз графикасында мисалы, «Манас» эпосу боюнча чыгарылган китептерди белгилүү сүрөтчү-графикачы Т. Т. Герцен көркөмдөгөн.



*Манас баатырдын жоого аттанышы. Т. Герцен*



*Т. Герцен. Манастын төрөлүшү*



*Т. Герцен. Алмамбет*



*Манас баатырдын чабуулга аттанышы. Т. Герцен*



*Графика ыкмасы менен тартылган бүркүттүн сүрөтү*



*Графика ыкмасы менен тартылган уядагы жумуртка*

– Графика деген эмне экен, балдар?

## ГУАШЬ

– Балдар! гуашь бул суу боёгу дегенди билдирет. Ал живопись үчүн атайын жасалган боёчу каражат болуп саналат. Ал суу, клей жана ак пигмент аралашмасынан турат жана ушул боёк менен тартылган сүрөт да гуашь деп аталат. Технологиялык жактан гуашь салыштырмалуу акварелдик боёктордун жумшак сортторуна жакын, бирок боёктун өзүндөгү ак боёк (белила) кошундусу менен алардан олуттуу айырмаланат. Гуашь менен иштөөдө боёкторду сууга эзип алып, көбүнчө кагазда иштешет.




*Түрдүү түстөгү гуашь боёктору*



*Гуашь менен тартылган сүрөт*

– Демек, балдар! Живопись үчүн кайсы боёкту колдонот экенбиз?

**ТЕСТ**

1. Гуашь кайсы жанрда колдонулат?
   а) живописте
   б) гуашта
   в) акварелде

2. Гуашь боёгунун курамында эмне бар?
   а) кагаз, суу, боёк
   б) боёк, суу, гуашь
   в) клей, суу, ак пигмент

**ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ**

Ай, ак кеме, ак кеме!
Ак кеме келет бат эле.
Бат эле келсе ак кеме,
Ак кеме келди бат эле дебе!

# Дд

**ДИЗАЙН** – адам ойлоп тапкан план же ишке ашырыла турган нерсенин схемасы, тактап айтканда, келечектеги көркөм чыгарманын алгачкы долбоору. Англис тилинен которгондо «долбоорлоо, түзүү» дегенди билдирет. Байыркы кылымда эле Европада пайда болгон. Биз муну көркөмдүк жактан долбоорлоо катары түшүнөбүз.

– Балдар! Биз күндөлүк турмушубузда дизайн үчүн көптөгөн каражаттарды колдонобуз. Алар өзүнүн аткарган кызматынан сырткары кооз болушу керек. Мындай нерселер эбегейсиз көп. Алар имараттын ичин жасалгалоодон тартып, жарнама такталары, дүкөн текчелери жана силер сүрөт тарткан эң жөнөкөй карандаш, өчүргүчтөргө чейин бардык буюмдардын кооз болушу үчүн аны түзүүдө сүрөтчү-дизайнерлердин эмгеги керек болот. Сүрөтчү-дизайнерлер биз колдонуп жаткан буюмдарды коолдоп гана тим болбостон, анын формасы кооз жана колдонууга ыңгайлуу болушун да камсыз кылышат.



*Көркөм сүрөт каражаттары*

– Келгиле, балдар! Азыр бир дизайнердик долбоорду өз колуңар менен жасап көргүлөчү.

# Жж

**ЖАНР** – бул түр дегенди билдирет. Көркөм сүрөт искусствосунда – белгилүү бир темалардын айланасында чектелген көркөм өнөр тармагын мүнөздөөчү түшүнүк. Сүрөт искусствосунун живопись, скульптура, графика жана башка ушул сыяктуу түрлөрү жанрларга бөлүнөт. Мисалы, портреттик, пейзаждык, натюрморттук жанр.

Жанр түшүнүгү 15–16 кылымдарда эле пайда болгон. Көркөм искусствону ар кандай жанрларга бөлүү көркөм искусствонун турмуштук чындыкты терең үйрөнүүсүнө жана чагылдырылышына шарт түзгөн. Ошондой эле ага керектелүүчү каражаттарды иштеп чыгарган жана өнүктүргөн. Азыркы учурдагы жанр түшүнүгү станоктук живописте өзгөчө өнүккөн. Скульптурада жанрга бөлүү дээрлик жокко эсе, себеби мында көбүнчө скульптуралык чыгарманын максатка ылайыктуулугу эске алынат, бирок тематикалык портрет жанрлары толук сакталууда. Сөз колдонууда жанр термини кээ бир учурда турмуштук жанрдын кыскача аталышын түшүндүрөт.

**ЖИВОПИСЬ** – түстүү боёктор менен калың кагазга, же алкакка (рамкага) керилген таардын бетине тартылган сүрөттөр. Көркөм сүрөт искусствосунун бир түрү. Мында негизинен полотно жана майлуу боёктор колдонулат. Полотно дегенибиз, бул жыгачтан жасалган алкакка керилген таар. Ал эми боёктор зыгыр майда эзилет да андан илээшкек түстүү, майлуу боёктор алынат. Сүрөт тартуудан мурда боёктор зыгыр майы же атайын май суюлтмалары менен аралаштырылып, анан кездемеге түшүрүлөт. Жогоруда айтылгандай, түстүү боёктордун жардамы менен тартылган көркөм сүрөт – живопись деп аталат. Живопись **станоктук, монументалдык** жана **жасалгалык** (декорациялык) болуп бөлүнөт. Бир жерден экинчи жерге алып барып көргөзмөгө коюуга мүмкүн болгон өз алдынча сүрөттөрдү **станоктук живопись** дейбиз, балдар. Аны мольберт деп аталган станокто жасашат, ошондуктан аларды жазуулар же фрескалар деп да аташат. Ал эми **монументалдык живопись** кадимки живопистен айырмаланып, ал храмдардын, сарайлардын дубалдарына, ошондой эле кээ бир имараттардын интерьерлерине жасалат да ошол ордунда түбөлүккө сакталып калат. Ал эми **жасалгалык живопись** (декорациялык) – негизги маанисинде, архитектуралык ансамблге, театр

жасалгасына же жасалга-колдонмо көркөм искусствосуна кирген живопись болуп саналат. Жасалгалык живопись монументалдык живопись сыяктуу эле сайма, панно, мозаика түрүндө аткарылат.



*Живопись. Вазадагы гүл*

**Жибектеги живопись** – негизинен көркөм сүрөт искусствосунда кеңири тараган живопистин бир түрү болуп эсептелет. Кытайда жибек жебилге менен иштелүүчү иштин негизги катары биздин заманга чейин 1–миң жылдыктан эртерээк эле каллиграфтар тарабынан, ал эми болжолдуу түрдө биздин заманга чейин 3-кылымда живописчилер тарабынан колдонула баштаган. Кездеме атайын иштетүүдөн өткөн. 10–13 кылымдарда кытай живописи гүлдөп өнүккөн жана жибек квасцынын кошундусу менен иштетилген. Жибектеги живописте анын ар кандай башка жанрдан айырмаланган өзгөчө фактуралык-мейкиндик көркөмдүгү бар. Заманбап көркөм искусстводо жибектеги живопись көбүнчө колдонмо формаларда кеңири тараган.

– Живопись деген эмне экен? Түшүндүңөрбү, балдар?

## ЖУМАБАЕВ БЕЛЕК

Белгилүү кыргыз сүрөтчүсү, алгачкы график, живопист Жумабаев Белек 1939-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айылында туулган. Анын цинкография техникасында Саякбай Каралаевдин варианты боюнча чыккан «Тулпарлар», (1965), «Баатырлар, айымдар» (1969) китептерин көркөмдөгөн. Эпикалык баатырлардын Аккула, Сарала, Тайтору, Алгара жана башкалар тулпарларынын сын-сыпат, образдары жогорку көркөмдүктө иштелген жана эпостун Манас, Каныкей, Бакай, Сейтек, Айчүрөк, Сайкал жана башка ушул сыяктуу негизги каармандардын портреттеринин галереясын түзгөн. Жумабаевдин чыгармачылыгы, жогорку көркөм табити, анын чыгармачылык фантазиясынын байлыгы менен айырмаланат. Ал эпостук образдар аркылуу улуттук мүнөздү ачууга аракеттенген. Б. Жумабаев «Тулпарлар» аттуу китептин жасалгасы үчүн 1965-жылы Орто Азия жана Казакстан республикаларынын конкурсунда 1-чи даражадагы, Бүткүл Союздук конкурста 2-чи даражадагы дипломдору менен сыйланган. (портрети, тарткан сүрөттөрү коюлушу керек.



# Зз

**ЗАРИСОВКА** – натурадан тартылган сүрөт. Ал көп учурда олуттуу иш жасоо үчүн материал чогултуу максатында аткарылат. Сүрөт тартканга машыгуу үчүн атайын максатта (гезит же журналдын атайын тапшырмасы боюнча) тартылат. Ушундай эле техникалык каражаттар менен аткарылган бир шилтемдерден (набросок) айырмаланып, бул сүрөт өтө деталдаштырылып тартылат.



*Түлкү. Натурадан тартылган сүрөт*

**ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ**

Ааарыларда баары бар,
Бал челекте аары бар,
Аарыларда балы бар,
Ары жакта дагы бар.

# Ии

**ИЛЛЮСТРАЦИЯ** – текстти коштогон же толуктап туруучу сүрөт. Көрсөтүп сүрөттөө, көрсөтүп түшүндүрүү, сүрөттөп жазуу дегенди билдирет. Ошондой эле адабий чыгармаларды көркөм сүрөт менен образдуу баяндаган искусствонун бир түрү.



*Иллюстрация*

Адабий чыгарманын маанилүү өзгөчөлүктөрү менен мазмунунун шартталышын аныктап, газета, журнал, китепти көркөм коолдоодо иллюстрациянын өзгөчө орду бар. Айрыкча, китеп иллюстрациясынын жасалгалык мааниси бийик идеялык жана көркөм деңгээлге

жетишин белгилөөгө болот. Өз милдетин адабий баяндоонун түйүндүү учурларын терең жана толук көркөм ачып берүүдө көптөгөн сүрөтчүлөр азыркы жана классикалык адабияттын мыкты чыгармаларына эң сонун иллюстрацияларды жаратышкан. Көркөм графикадагы ушул эле түрдө жооп берген кээ бир чыгармалар да иллюстрация деп аталат.

**ИНТЕРЬЕР** – бул «ич жагы, ички бөлүгү» дегенди түшүндүрөт. Биринчиден, бул көркөм сүрөт искусствосунун өзгөчө жанры. Архитектуралык курулуштарда – бөлмө, зал, анфилада жана башка жасалгалоого арналган интерьер жанрына тиешелүү кээ бир графика жана живопись чыгармалары да интерьер аталат. Экинчиден, жасалга-колдонмо көркөм искусствосунда – имараттын ичин жасалгалоо (бөлмө, зал анфилада ж. б.), коోздук берүү дегенди билдирет.

**БИЛИМ КЕНИ – КИТЕПТЕ**



*Үй ичиндеги интерьер*

# Кк

**КАЛЛИГРАФИЯ**

– Балдар! Каллиграфия – даана жана сулуу жазуу өнөрү. «Сулуу кол жазма» дегенди билдирет. Китеп же журнал чыгарууда, плакат жасоодо, графикада жана башка тармактарда өтө көп колдонулат. «Каллиграфия» деген термин «кол жазма», «жазуу» деген сөздөргө жакын маанини берет. «Жазуу» деген термин «графика» деген маанид да колдонулат.

«Каллиграфия» менен «графика» мааниси жактан жакын түшүнүктөр. Бири – тамгалардын сүрөтүн тартуу, экинчиси ошол тамгаларды туура, так, сулуу жазуу болуп саналат.




*Каллиграфиялык жазуу*

– БАЛДАР, СИЛЕР ТАМГАЛАРДЫ ТУУРА ЖАЗУУ ҮЧҮН ОТУРГУЧТА ТҮЗ ОЛТУРУП, КАЛЕМ САПТЫ ТУУРА КАРМАП, ТАМГАЛАРДЫ ДААНА ЖАНА СУЛУУ КЫЛЫП ЖАЗУУГА БИРИНЧИ КҮНДӨН ҮЙРӨНГҮЛӨ!

**ЖАКШЫ БАЛА – ТИЛ АЛЧААК**

**ТЕСТ**

1. Каллиграфия деген эмне?

а) жазуу жана сулуу жазуу

б) окуу жана сүрөт тартуу

в) жазуу жана туура окуу

2. Кайсы тармактарда колдонулат?

а) китеп, журнал басып чыгарууда

б) китеп, журнал окууда

в) плакат, графика сатып алууда

**КАЛЬКА** сүрөт өнөрүндө көп колдонулат. Чийменин же кандайдыр бир сүрөттүн көчүрмөсүн карандаш же тушь менен кагазга түшүрүүдө колдонулуучу тунук, жука кагаз. – Силер, балдар! Ушул жука кагаздын үстүнөн өзүңөр каалаган сүрөттү бастырып, тартып алсаңар болот. Ошондой эле калька күнүмдүк турмушта, мисалы, гүлдү ороп, коолдоодо да колдонулат.



*Калька. Тунук, жука кагаз*



– Калька менен ушинтип гүлдөн букет жасап алсаңар да болот, балдар!

### ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ

Бак-шагы менен бак,
Шак-багы менен шат.
Шаттуу бактын шагы көп,
Шактуу бактын баары көп.

**КАРАНДАШТЫ** силер жакшы билесиңер, балдар. Бирок ал эмнеден жасаларын билип алганыңар да пайдалуу. Карандаш – сүрөт тартуу үчүн атайын боёочу заттардан турган жыгачтан же металлдан жасалган таякча. Адегенде 15-кылымда Италияда пайда болгон. Ошол учурда коргошун менен күмүштүн эритиндисинен жасалган карандаш кеңири колдонулган. Кийин 18–19-кылымдарда граффит минералы менен катууураак топурактын кошундусунан жасалган граффит карандашы пайда болгон. Бүгүнкү күндөгү карандаш күйгүзүлгөн сөөктүн суу май менен бекемдетилген күкүмүнөн жасалат. Сангина жана пастель таякчалары да карандаш деп аталат. Ошондой эле, учурда заманбап электрондук карандашты колдонсок болот. Ал бардык компьютерлерде, планшеттерде бар. Карандаш ар кандай түстө болот.



*Түстүү карандаш*



*Кара карандаш*



*Карандаш*

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Такыр кат билбейм,
Аны мойнума алам.
Бирок, кыла жүргөн кесибим,
Кылымдар бою жазам.
(........)

**КАРИКАТУРА** эмне экенин билип алалы, балдар! Карикатура сүрөт искусствосунда жакшы өнүккөн. Бул адамдын келбети, өңү-түсү, кийими апыртылып, түрдүү нерселерге окшоштурулуп тартылган күлкүлүү сүрөт. Карикатура кээде адабий чыгармаларда да кездешет. Чыгармадагы терс образдардын терс жактарын атайы күчөтүп көрсөтүү максатында анын сүрөтүн кемсинтип, тескери жактарын апыртып, бузуп тарткан учурлар болот. Мындай сүрөттөрдү карикатура деп атайбыз.



– Карикатура деген эмне экенин түшүндүңөрбү, балдар?

## ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ

Беш бала «беш» алат,
«Беш» алган беш бала,
Беш алманын жанына барат.
Беш алма «беш» алган беш баланы
Башына чыгарып алат.

**КАРТИНА, сүрөт** – терең ойду туура чагылдырган станоктук живопись чыгармасы болуп эсептелет. Картина техниканын жардамы менен кынтыксыз, так эсептелип аткарылат. Картина деген түшүнүк тематикалык композиция, тарыхый, турмуштук жана башка ушул сыяктуу жанрлар менен тыгыз байланышкан. Бирок бул түшүнүк бардык жанрдын чыгармаларын камтыйт. Буга натюрморт да кирет. Картиналар натурадан тартылган этюддардын негизинде аткарылат. Бирок маңызы боюнча карикатура этюддук живописке каршы келет. Себеби ал жардамчы милдетти аткарат да жана өз алдына майда, тар маанидеги милдеттерди коёт. Этюддан айырмаланып, карикатура толугу менен живопистин көркөм өнөрү катары мүмкүнчүлүктөрүн жана живописчи-сүрөтчүнүн чыгармачылык даременин ачып көрсөтө алат.

**КЛЕЙ ЖИВОПИСИ** – негизинен, театр жасалгалары үчүн колдонулуучу живопистин техникалык бир түрү. Клей живописи кургак сымал боёктор жөнөкөй клейдин (көбүнчө жыгач клейи же майлоочу) суюк эритиндисинде эритилип жасалат. Ал салыштырмалуу көпкө чыдабайт, себеби клей абадан нымдуулукту сиңирип алгандыктан өтө тез чирип кетет. Клей живописи кеңири мааниде, живопистеги клейлик чапташтыргыч заттардын бардык түрлөрүн – гуашь, акварелди өзүнө камтыйт жана атайын мааниде клей живописин түшүндүрөт.

– Клей живописи көп күнгө сакталат бекен, балдар?




*Клей*



*Клей менен тартылган живопись*

## ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ

Белдин үстү белеске,
Белек баатыр келет де.
Белек белдеги белесте,
Берүүчүсүн берет де.

## ЭМГЕК – ДАҢККА ЖЕТКИРЕТ

– **КОЛЛАЖ** деген эмне экенин силер билесиңерби, балдар? Бул ар кандай сүрөттөрдү, фрагменттерди же материалдарды бириктирүүдөн, бири-бирине жабыштыруудан келип чыккан искусствонун бир түрү. Коллаж бардык жерде кеңири колдонулат.



– Бул коллаж, балдар.

**ТАП, ТАБЫШМАК!**
Өзү сүйлөбөйт,
Бирок кишиге акыл үйрөтөт.
**(.....)**

– **КОМПОЗИЦИЯ** бул – «түзүү», «ойлоп табуу» дегенди билдирет. Сүрөт өнөрүндө көркөм чыгарманын, көркөм форманын маанилүү өзөгү болуп саналат. Композиция сүрөт тартууда чыгарманын идея, сюжет жана тематикасынын конкреттүү иштелишин туюндурат. Ал сүрөттүн идеясына, мазмунуна, мүнөзүнө жана аткарган милдетине жараша болот. Негизинен, живопись, скульптура же графика чыгармалары, тактап айтканда, бул сүрөтчүнүн чыгармачылык эмгегинин натыйжасы болуп эсептелет.



*Композиция*

**КОМПЬЮТЕР, НОУТБУК, ПЛАНШЕТ** менен да сүрөт тартса болорун силер жакшы билесиңер, балдар. Учурда заманбап-технологиялык каражаттардын өнүгүүсүнөн улам мындай ыкманын заман талабына ылайык, тез арада өнүп-өсүп жатканы чоң саамалык. Анткени документтер менен иштөөгө гана эмес, музыка угууга, мультфильм, кино тартууга, же болбосо атайын сүрөт тартууга багытталган атайын планшеттердин бар экени абдан кубандырат. Анткени мындай техникалык жол менен эч кандай көркөм каражаттарды (боёк, акварель, карандаш, клей ж.б.) колдонбой туруп эле компьютердин жардамы менен мисалы, сүрөт тартып коюу деген бул байкалбаганы менен бирок өзгөчө көрүнүш. Анын мындай өзгөчө кызыктуу, ары ыңгайлуу жактары бар экени практика жүзүндө, мисалы, сүрөт тартып жатканыңарда байкалат.




**КОМПЪЮТЕРДИК ГРАФИКА** – компьютердин жардамы менен түзүлүүчү же графиктик түзүлүштөрдүн ар кандай түрлөрү. Муну бардык кесиптин өкүлдөрү колдонушат. Мисалы, имараттарды курууда, техниканын жаңы түрлөрүн жаратууда, жылдыздуу асмандын картасына жаңы обьекттерди кошууда, асманга учууда, мультфильмдерди жаратууда, кызыктуу роликтерди түзүүдө, жаратылыш кубулуштарын же алыстагы обьектилерди аныктоодо кеңири колдонулат.




# Компьютердик графика






*Компъютердик графика*

## КӨРКӨМ СҮРӨТ АКАДЕМИЯСЫ

– Балдар, көркөм сүрөт өнөрү боюнча билимиңерди жогорулатууну каалаcаңар Т. Садыков атындагы Көркөм сүрөт академиясынан билим алсаңар болот. Бул жогорку окуу жайы 1991-жылы жогорку мамлекеттик Көркөм сүрөт колледжи болуп түзүлгөн. Кийин 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Көркөм сүрөт академиясы улуттук статусу берилип, 2004-жылы Т. Садыковдун ысмы ыйгарылган. Окуу жайдын максаты – балдарга көркөм сүрөт боюнча ар тармактуу, көп баскычтуу үзгүлтүксүз билим берүү болуп эсептелет. Анын структурасы жогорку кесипкөй искусство чеберлерин жана искусство таануучуларды даярдоо үчүн окуу методикалык жана илимий базаны түзүүнүн бирдиктүү программасына негизделген. Академиянын көркөм сүрөт мектебинин баштапкы класстарынан 4 жыл бою (6–9-класс) республиканын шаарларынан жана райондорунан келген жөндөмдүү балдар, ошондой эле областтык балдардын көркөм сүрөт мектебинде окугандар көркөм сүрөт искусствосунан базалык билим алышат. Экинчи баскычы – 5 факультети бар 3 жылдык көркөм сүрөт окуу жайы. Институтта станок скульптурасы, живопись, өнөр жай графикасы, көркөм жасалгалоо, искусство таануу факультеттери, ошондой эле илимий-изилдөө бөлүмдөрү жана илимий-методикалык музейи бар.



*Т. Садыков атындагы Көркөм сүрөт академиясы*

## КУМ МЕНЕН СҮРӨТ ТАРТУУ

– Балдар, силер кумда ойногонду абдан жактырасыңар, андан көп нерсени жасайсыңар. Бирок кум менен сүрөт тартууну ойлобосоңор керек. Кум менен сүрөт тартуу – бул көркөм сүрөт өнөрүнүн жаңы түрү, тактап айтканда, жаш искусство. Ал 20-кылымдын 70-жылдарында пайда болгон. Мындай стилди канадалык анимация режиссёру Кэролин Лиф ойлоп тапкан. Ал көркөм өнөрдүн жаңы түрүнө – кум менен сүрөт тартуу өнөрүнө негиз салган. Анын кумда тартылган анимациялык чыгармалары бүткүл дүйнөгө жайылып, көптөгөн көрүүчүлөргө, сүрөтчүлөргө абдан жаккан. Анда жөнөкөй эле кыймылдар сюжетке айланып, окуялар баяндалат. Кийин көпчүлүк аниматорлор анын тажрыйбасын өздөштүрүп, учурда кум менен сүрөт тартуу көп колдонула баштады жана ден соолукка пайдалуу да жагы бар экенин психологдор аныктап чыгышты.



*Кум менен сүрөт тартуу*

– БАЛДАР, КУМ МЕНЕН СҮРӨТ ТАРТКАН АБДАН КЫЗЫКТУУ БОЛСО КЕРЕК. СИЛЕР ДА КУМ МЕНЕН СҮРӨТ ТАРТЫП КӨРГҮЛӨЧҮ! БИРОК АБАЙЛАГЫЛА! КУМДУ КӨЗҮҢӨРГӨ, ООЗУ-МУРДУҢАРГА КИРГИЗИП АЛБАГЫЛА!

**ЭМГЕК – ДАЙРА**
**БИЛИМ – КЕМЕ**

## КЫРГЫЗ КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ

– Балдар! Кыргыз көркөм сүрөт өнөрү бул – сүрөт, живопись, скульптура, графика, фото өнөрүн бириктирген чоң өнөр болуп саналат. Негизинен, сүрөт өнөрү, ачык образдар аркылуу чагылдырылат. Мунун баарын байыртадан эле чоң апаларыбыздын жасап жүргөн көркөм саймаларынан, килем, шырдак, кийиздеринен көрүүгө болот. Алар ар түрдүү формада, өтө мазмундуу жана абдан көркөм жасалган.



*Көркөм сүрөт өнөрү*

– Балдар, мында ар түрдүү көркөм каражаттар колдонулат.





– БАЛДАР! ӨЗҮҢӨР КӨРҮП ТУРГАНДАЙ, КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨ АР КАНДАЙ КАРАЖАТТАР КОЛДОНУЛАТ. АЛАРДЫН ДЕН-СООЛУККА БОЛГОН ЗЫЯНДУУЛУГУ ДА БАР. АЛЛЕРГИЯНЫ ПАЙДА КЫЛЫШЫ ЖЕ ЖЫТЫ ЖАГЫМСЫЗ БОЛУП, БАШЫҢАРДЫ ООРУТУШУ МҮМКҮН. ОШОНДУКТАН, КАРАНДАШТЫ ООЗУҢАРГА САЛБАГЫЛА! БОЁКТОРДУ ЭТИЯТТАП КОЛДОНГУЛА! КОЛУҢАРДЫ АР ДАЙЫМ ЖУУП ТУРГУЛА!



# Мм

## КИТЕП – ЖАН ДҮЙНӨ АЗЫГЫ

**МАЙ БОЁК ЖИВОПИСИ** – живопистин байланыштыргыч зат катары өсүмдүк майын колдонгон түрү. Май боёк живописин байыркы заманда эле (15-кылымдын башында) ага-ини ван Эйктер иштеп чыккан. Ийкемдүү каражат катары өтө бай мүмкүнчүлүктөргө ээ. Анын боёк катмары жука жана паста сымал, тунук жана калың, жалтырак жана бозомтук, ачык жана түсү боюнча кочкул

боло алат. Көп катмарлуу жи-вопись менен бирдикте бул техникада тез тартылуучу живопись да аткарылат. Желим боёктору, айрыкча гуаштан айырмаланып, май боёктордун түстөрү кургагандан кийин да өзгөрбөйт. Ийкемдүүлүгү, түрдүү мүмкүнчүлүктөргө бай материалдык эптүүлүгү жана боёк катмарынын чыдамдуулугу негизги артыкчылыктарына кирет. Мезгилдин өтүшү менен карарып же саргарып кетиши, узак иштегенде технологиялык талаптардын татаалданышы анын кемчилиги болуп саналат. Май боёк живописи сүрөтчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү иштеген техника ыкмасы болгон.



*Г. Айтиев*

**МОЗАИКА** – бул сүрөт өнөрүнүн бир түрү. Байыркы доордо эле пайда болгон жана дүйнө жүзүнө кеңири тараган. Ал май боёк, акварель, гуашь менен тартылат. Ошондой эле түстүү таштардан, смальтадан, керамика тактайчаларынан жана башка материалдардан кураштырылып жасалат. Мозаика – живопись сыяктуу эле өтө

кызыктуу техника. Мындай ыкмада жасалган чыгармаларды кылымдан-кылымга сактаса да болот. Мозаика эс алуучу жайларда, көчөлөрдө, үйлөрдүн ички жана сырткы бетинде, ошондой эле коомдук имараттарды коздоодо колдонулат. Мында чыгармаларды жаратуу техникасы татаалыраак болот, бирок бул техниканы колдонуп, силер да жөнөкөй иштерди жасасаңар болот.

– Балдар, боёктордун ордуна түстүү таштарды биринин артынан бирин тизип, бир сүрөттөлүштү түзүп жатканыңарды элестетип көргүлөчү! Ал мозаика.

Мозаика кандай болорун төмөнкү сүрөттөрдөн карап көрөлү.




*Жер картасы. Жука жыгачтан мозаика болуп жасалган*

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Суусу бар, ичүүгө болбойт,
Жолу бар, жүрүүгө болбойт,
Шаары бар, басууга болбойт.

(.....)




*Үй мозаикасы*



*Түрдүү жемиштерден жасалган мозаика*



*Мышык гүл менен. Мозаика*



*Мозаика. Анар*

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Сырты бирөө тоголок,
Ичинде миң сан томолок.

(....)

# Нн

**НАТУРА** – бул жаратылыш, табияттын өзү дегенди билдирет. Көркөм сүрөт өнөрүндө сүрөтчүнүн бир нерсени байкап, аны өзүндөй кылып, даана, так тарта алган предметтерди, жандыктарды, ар кандай кубулуштарды айтабыз. Мында тикелей, түз жана толугу менен натурадан, эреже катары, этюд, бир шилтем, зарисовка гана же кээ бир өз алдынча маанидеги чыгармалар аткарылат (мисалы, портрет же пейзаж). Живописте, графикада жана скульптурада тематикалык композиция түзүү реалист-сүрөтчүдөн натурада аткарылган сүрөттөрдү талап кылат. Натураны тыкан окуп үйрөнүү сүрөтчүнүн ар кандай реалисттик идеяларды ишенимдүү, жандуу чагылдыруусунун эң маанилүү шарттарынын бири болуп эсептелет.

Натура бул – сөздүн кеңири маанисинде, объективдүү чындыкты анын бардык кубулуштарында жана ар түрдүүлүгүндө көрсөтөт, бирок бул мааниде ал аз колдонулат.



*Натурадан алынып тартылган куштун сүрөтү*

– Натура дегенди түшүндүңөрбү, балдар? Айтып бергилечи?

## НАТЮРМОРТ

– Эми балдар! Натюрморт жанры менен таанышып алалы. Натюрморт жанрында ар дайым жансыз, кыймылсыз нерселер сүрөттөлөт. Аны эсибизден чыгарбайлы! Бул жанрды дагы тереңирээк өздөштүрүүгө аракет кылып көрөлү. Түшүм күз айында жыйналып, элдин да маанайы жакшы болот эмеспи. Эми биз, балдар, силер менен ошол мол түшүм боюнча натюрмортту тартууга аракет кылалы. Биздин натюрморттун башкы максаты – молчулукту, токчулукту көрсөтүү. Сүрөттүн көркөм болушу үчүн аны кантип чагылдыруу керектигин ойлонолу. Сүрөттү тартууда түшүмгө байланыштуу гана нерселерди тандап алышыбыз керек. Тактап айтканда, биз «Күз» же «Түшүм» темасына байланыштуу натюрморт тартуубуз керек.

Силерге түшүнүктүү болушу үчүн бир нече сүрөттөр берилди.



*Түшүм натюрморту*



*Балапан алма менен. Натюрморт*

## УЯ ЖАСАП БЕРЕЛИЧИ!

Балапандар үшүшөт го,
Бактан кулап түшүшөт го.
Бачым, бачым келсе экен деп,
Баарыбызды күтүшөт го.

Кайырма:
Уяң чөптөн тереличи,
Уста алып келеличи.
Уят болбой чымчыктарга,
Уя жасап береличи.

Сөзү: Ш. Дуйшеевдики
Обону: М. Бегалиевдики



*Алма натюрморту*



*Натюрморт*



*– Бул натюрморт кызыктуу бекен, балдар? Чымчыктар корзинадагы кулпунайды төгүп салышты*

## БҮЛДҮРКӨН

Жыты сонун буркурап,
Ай бүлдүркөн, бүлдүркөн.
Жар боюнан салаалап,
Балдар көзүн күйгүзгөн.

Колдорубуз көк боёк,
Тергенибиз бүлдүркөн,
Ай, бүлдүркөн, бүлдүркөн.

Сөзү: Ж. Мамытовдуку
Обону: А. Бөдөшовдуку

# Оо

## БИЛИМ – АДАМДЫН КАНАТЫ

**ОРНАМЕНТ** – бул «кооздук» дегенди билдирет, тактап айтканда, кийимди, буюмду, бир нерсени же архитектуралык курулуштарды кооздоо үчүн ырааттуу ритмикалык элементтерден турган оймо-чийме, көчөт болуп эсептелет. Живопись, сүрөт, скульптура же сайма каражаттары менен аткарылат. Көркөм искусствонун жалпы стилистикалык белгилери ошол элдин көркөм сүрөт маданиятынын өзгөчөлүктөрү менен аныкталат эмеспи, балдар! Ошондой эле тигил же бул тарыхый мезгил аралыгында белгилүү бир туруктуулукка ээ болуп, ачык көрүнгөн улуттук мүнөзү өзгөчөлөнүп турат. Орнаменттин касиеттери ар бири өзүнчө алынган учурда ал кайсы буюмду кооздой турган болсо, ошол буюмдун милдетине, формасына жана материалына көз каранды болот. Ошол себептүү, кыргыз орнаментинин да тарыхый улуттук өзгөчө мүнөздөрү бар. Кыргыз эли орнаментке (оюм-чийимдерге) өзгөчө маани беришкен. Көчмөн турмуштук өзгөчөлүктөрүнө ырайына, жаныбарларга ж. б. байланыштырып, орнаменттерди аныктай билишкен жана аларды унутта калтырбай, улам өнүктүрүп келишкен. Андыктан, байыркы ата-бабалардан ушул күнгө чейин сакталып калган орнаменттерди кезиктирүүгө болот.



*Бул кыргыз элинде кеңири колдонулган «Карга тырмак» орнаменти. Мындай аталышынын себеби, орнамент карганын тырмагына окшош.*



– Балдар, бул сүрөттө калпакка сайма менен «Аркар мүйүз» орнаменти түшүрүлгөн. Калпактагы ар бир түс жана ар бир оюу өзүнө таандык маанини туюндуруп турат. Ак жүндөн жасалгангандыктан, Ак калпак – деп аталат.

Кийгенде башка жарашкан,
Суктанып баары карашкан.
Ак калпак калган мураска,
Атабыз айкөл «Манастан».
(«Манас» энциклопедиясынан)



*Бул сүрөттө «Көөкөр» орнаменти боёк менен кагазга тартылган*

## АРАКЕТ КЫЛСАҢ – БЕРЕКЕТ



*Түрдүү орнамент менен илбирстин сүрөтү тартылган*



*– Мында түрдүү орнамент менен төөнүн сүрөтү тартылган*

– Балдар! Силер да өзүңөр каалаган орнаментти тартып көргүлөчү?

# Өө

**БИЛИМ – КАРЫБАС**
**ӨНӨР – АРЫБАС**

**ӨНӨРКАНА** деп биринчиден, график, скульптор же живопист чыгармачылык менен алектене турган, тактап айтканда алар иштей турган жайды айтабыз. Скульптордун же живописттин чыгармачылык ишин өркүндөтүү үчүн аларга атайын ыңгайлуу шарттар түзүлүүсү керек, тактап айтканда, өнөркана болуусу керек. Экинчи мааниси, өнөркана – сүрөтчүнүн белгилүү бир мезгил ичиндеги ишмердигин жана окуучуларынын курамын камтыган өнөрканасы болуп эсептелет.



*Сүрөтчүлөрдүн өнөрканасы*

**БИЛБЕГЕНДИ БИЛИП АЛ**

# Пп

**ПАЛИТРА** деген сөздүн эки мааниси бар, балдар. Биринчиси, сүрөтчү иштегенде боёкторун аралаштырып ала турган төрт бурчтуу же сүйрү, анча чоң эмес жука такта. Палитра майлуу живопись үчүн жыгачтан жасалса, ал эми техниканын башка түрлөрү үчүн сырдалган металлдан, фарфордон же фаянстан, каңылтыр темирден жасалат. Ошондой эле экинчи мааниси, сүрөтчүнүн чыгармачылык ишинде пайдаланган боёкторунун так тизмеси болуп эсептелет.

– Силер палитраны көрсөңөр керек, ал көбүнчө төмөнкү сүрөттөгүдөй формада болот.

– Албетте, балдар! Палитра менен кошо жылкынын же башка жаныбарлардын жал-куйругунан жасалган катуу кыл калем жана тыйын чычкандын, кашкулактын, кызыл күзөндүн жүнүнөн жасалган жумшак кыл калем ар дайым эриш-аркак кызмат кылат.



*Палитра*

**ПАСТЕЛЬ** – бул живописте көп колдонулуучу боёк материалы. Ал кагазга оролгон кыска түрдүү таякчалардан (карандаш), кургак боёк күкүмүнөн же агартуучу заттардын кошундусунан турат. Пастелдик карандаштар катуу, орто жана жумшак болот. Мындай боёктор менен тартылуучу живопись техникасы да пастель деп аталат. Пастель боёгу баркыт сымал жылтырабаган, бирок таза жана ачык өңдүү болуп мүнөздөлөт.

– Балдар, силер пастель боёгу менен тартылган сүрөттөрдү, тактап айтканда, пастель чыгармаларын көрүп эле жүрөсүңөр. Аны көбүнчө сүрөт галереяларынан же сүрөт музейлеринен жолуктурууга болот. Көрдүңөрбү, бул баркыт сыяктуу жумшак, бирок жылтырабаган, адамга жагымдуу, өзгөчө маанай тартуулаган көркөм сүрөт өнөрүнүн бир түрү.



*Роза гулу. Пастель*




**БИЛИМ – ДЕҢИЗ**
**АКЫЛ – КАЙЫК**

## ПЕЙЗАЖ

– Балдар, пейзаж дегенди силер жакшы билесиңер. Пейзаж – бул кандайдыр бир жердин кооз көрүнүшү же сүрөтү. Живопись менен графиканын негизги предмети – жаратылышты чагылдыруу эмеспи. Ошондой эле шаар көрүнүштөрү же архитектуралык комплекстер, көлдүн көрүнүштөрү тартылган сүрөттөр да пейзаж болуп саналат. Пейзаж рельефтин, кээде башка жанрлардын фону катары да кызмат кылат. Пейзаждын алгачкы үлгүлөрү неолит доорунда эле пайда болгон. Ал эми Кыргызстанда пейзаж жанры совет доорунда жаралган. Аны Г. Айтиев, С. Акылбеков, К. Керимбеков сыяктуу таланттуу кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларынан көрсөк болот. Пейзаж – адабий көркөм чыгармаларда да табият көрүнүшүн сүрөттөп, чыгарманын мазмунун, каармандардын түрдүү кырдаалдардагы психологиялык абалын ачып берүүгө багытталат. Айрым пейзажда автордун туулуп-өскөн жерине болгон сүйүүсү берилет. Мындай пейзаждык сүрөттөөлөр Ж. Турусбековдун, Ж. Бөкөнбаевдин, А. Осмоновдун, Ч. Айтматовдун ж. б. акын-жазуучулардын чыгармаларында кездешет.



*Кыргыз жери. Пейзаж.*



*Гапар Айтиев. Куз.*

– Пейзаж деген эмне экен, балдар? Түшүндүңөрбү?

– Силер да өзүңөр каалагандай пейзаждык сүрөттү тартып көргүлөчү!

**ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ**

Көк чөп көп,
Көпкөк чөп.
Көк чөптөн көп
Көпкөк чөп.

**ПОРТРЕТ,** сүрөт – бир же бир нече кишинин сүрөтү; ошондой эле чыгармадагы каармандын сырткы келбетинин, өңү-түсүнүн, жүрүм-турумунун, кылык-жоруктарынын сүрөттөлүшү. Тартылган портрет же сүрөттөлүп жазылган чыгарма аркылуу каармандын образы ачылып, ички рухий дүйнөсү да чагылдырылат.



*Фотоаппарат менен тартылган портрет. Кыргыз кызы.*

# Cc

**САЙМА** – сүрөт өнөрүндө «тартылган, чийилген» дегенди билдирет. – Балдар, сайма ыкмасы менен деле каалаган сүрөттү тартсак болот. Негизги маанисинде бул көркөм каражат болуп саналат. Үй-тиричилик буюмдарынын (кездеме, тери, кийиз, таар ж. б.) бетине, ошондой эле кийим-кечектерге (калпак, топу, чепкен ж. б.) түшүрүлгөн кооздук. Саймага жүндөн же жибектен даярдалган жиптер колдонулат. Буюмдун кооз болушу үчүн кээде жипке бермет, мончок, шуру ж. б. өткөрүлөт. Сайма ийне, илме шибеге, тигүүчү машина менен сайылат.



*Кездемеге сайма аркылуу тартылган сүрөт*

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Актан карага сайганы – сайма,
Ийне-жиби кайда? (...)



*Бул туш кийизге да сайма саюу менен гүлдүн сүрөттөлүшү берилген*

Сайма саюудан мурда чоң энелерибиз бор менен сүрөттү тартып алышкан да анын үстүнөн жибек жип менен сайма сайышкан.

– Ушинтип, жип менен да сүрөт тартса болот. Абдан кызыктуу бекен, балдар?

**ТАП, ТАБЫШМАК!**

Өзү аппак жазылат,
Жер түбүнөн казылат.

(...)

**ӨНӨРҮҢ МЕНЕН ӨРГӨ ЧАП
ЭМГЕГИҢ МЕНЕН ЭЛГЕ ЖАК**

**СЕМЁН ЧУЙКОВ**

Кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн баштоочусу, Кыргыз ССРинин жана СССРдин эл сүрөтчүсү, коомдук ишмер Семён Чуйков 1902-жылы азыркы Бишкек шаарында туулган. Москва шаарынан көркөм сүрөт адистигине ээ болгон. 1933-жылы Кыргызстанга кайтып келип, 1934-жылы Кыргыз сүрөтчүлөр союзун уюштурган жана сүрөт окуу жайын ачкан. Ошол жылдары Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейи ачылып, ал сүрөт музейинин уюштуруучусу болгон. Ал сүрөтчүлүк тубаса талантын улантып, орус реалисттик сүрөт өнөрүнүн алдыңкы салттарына таянып, биринчи планга кыргыз элинин эмгекчи адамдарынын образын түзүүнү максат кылган. Чыгарма-

ларында турмуштун көрүнүштөрүн көлөмдүү көркөм формалар аркылуу сүрөттөгөн. С.Чуйковдун «Бактылуу эне», «Калык Акиевдин портрети», «Токтогул эл арасында» аттуу полотнолорунан анын өтө чебер живописчи экендигин көрсөк болот. Ошондой эле «Кыргыз колхоз сюитасы», «Биздин боордоштор», «Биздин Кыргызстан», «Советтик Кыргызстандын кызы», «Чабандын кызы», Кыргыз мотиви», «Бүркүтчү», «Чак түш», «Кеч», Суута түшкөн балдар, «Дүмбүл кармаган бала», «Жоолукчан кыз», «Манастын сейилге чыгышы» жана башка ушул сыяктуу чыгармаларында кыргыз турмушу чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Бишкек шаарыбызда анын өнөрканасы 1987-жылдан бери үй-музей деп аталып, ал жерде С.Чуйковдун 1930-1940-жылдардагы натурадан алынып тартылган полотнолору, этюддары сакталып турат. Анын сүрөт өнөрүнө кошкон чоң салымы жогору бааланып, 1944-жылы «Кыргыз ССРинин Эл сүрөтчүсү» жана «СССРдин Эл сүрөтчүсү» (1963) деген наамдар ыйгарылып, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын (1972) лауреаты болгон. Ленин ордени жана башка орден, медалдар менен сыйланган.



*С. Чуйков*

**СКУЛЬПТУРА** – латын тилинен которгондо «кесем, чегем» деген сөздү билдирет. Скульптура – көркөм сүрөт өнөрүнүн өзгөчө бир түрү жана бүт дүйнө жүзүндө абдан өнүккөн. Аны ар бир шаардан көрүүгө болот.

– Балдар, өзүңөр жашаган шаардын көчөлөрүнөн скульптураларды карап көргүлөчү! Эмнеден жасалганын да байкагыла! Мында скульптуралык чыгарма көлөмдүү формада болуп, таштан же катуу пластикалык материалдардан жасалат. Ийчилик, пластика, сүрөт өнөрүнүн түрү, тактап айтканда, бир нерсенин көлөмдүү элесин тартчу түрү. Бедиз деп да аталат. Скульптураны бардык тарабынан көрүүгө болот, аны рельефтик сүрөттөр делет. Ал эми барельефтик сүрөт – тегиздиктен анча томпоюп чыкпаган сүрөттөр. Горельефтер кыйла томпойтуп жасалган айкел сүрөттөлүштөрү. Алар күнүмдүк турмушубузду кооздоо менен эле чектелбейт. Бизге белгилүү адамдарды, окумуштууларды, акын-жазуучуларды, маданият ишмерлерин, эл баатырларын жана башкаларды тааныштырып турат.



*Жаш баланын скульптурасы*

**ТЕСТ**

1. Скульптура – көркөм … өнөрүнүн өзгөчө бир түрү.
   а) маданият
   б) адабият
   в) сүрөт

2. Скульптура … материалдан жасалат.
   а) жумшак
   б) суюк
   в) катуу

## АДАМДЫН КӨРКҮ – АКЫЛ

**СҮРӨТ** бул – бир нерсенин көрүнүшүн же келбетин кагазга, альбомго, таарга тартып түшүрүү. Графиканын негизги түрүнө кирет. Сүрөт живопистен айырмаланып көп учурда катуу боёочу нерселер менен аткарылат. Ал үчүн бизге карандаш, калем уч, кыл калем, көмүр, сангина керек болот. Мунун баары эреже катары, штрихтин (чекит) жана сызыктардын жардамы менен түстүн кошумчаланышы аркылуу ишке ашырылат. Мындай сүрөт натурадан тез тартылган сүрөттүк элес (зарисовка) же толук бүткөн графикалык композиция, ал эми түп нускада иллюстрация, карикатура жана плакат болушу мүмкүн. Өзүнчө алган учурларда, мисалы, акварель менен пастель техникасында сүрөт живопись менен абдан жакындашып кетет жана андан жалпы аткарылыш мүнөзү менен гана айырмаланат.

### СҮРӨТ ТАРТУУ

– Балдар! Силер билесиңерби, сүрөт тартуунун канчалык пайдасы чоң экенин? Сүрөт тартуу – бул силердин аң-сезимиңерди өстүрөт. Ошондой эле эс-тутумуңарды жана жөндөмдүүлүгүңөрдү жогорулатат. Ошондуктан балдар, сүрөт тартуудан эч убакта эринбегиле! Анда эмесе, сүрөт тартуу боюнча кыскача маалыматты биле жүргүлө. Сүрөт тартуу – окуу предмети катары өлкөбүздөгү Жалпы билим берүү тармагынын талаптарына ылайык, балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн негизги бөлүгү болуп эсептелет. Буга чейин окуу-тарбия иштерин жүргүзүү үчүн сүрөт сабагы окутулуп келген: ал натурадан сүрөт тартуу, темага карата сүрөт тартуу, көркөм сүрөт тартуу, сүрөт искусствосу жөнүндө аңгеме өтүү болгон. 1985–1993-жылдар аралыгында жогоруда аталган негизги программадагы айрым темалар киргизилип жергиликтүү материалдар менен толукталган.

1993-жылы атайын элибиздин көркөм өнөр мурастарынын негизинде кыргыз мектептери үчүн жаңы окуу программасы түзүлгөн. Сабактын мазмунун жана окутуунун ыкмаларын жаңылоо максатында 1997-жылы сабактын аты «Көркөм өнөр» болуп аталган. Программага ылайык бала бакчалардын тарбиячылары, башталгыч класстардын мугалимдери жана ата-энелер үчүн «Көркөм өнөр булагы» деп аталган усулдук колдонмо ушул күнгө чейин пайдаланылат.



*Коёндун сүрөтүн тартуу*



*Гүл терген кыз*

## ЖАҢЫЛМАЧ АЙТАБЫЗ!

Саамай чачтуу сары кыз,
Саамал куйган дары кыз.



*Кыргыз кыздары. С. Чуйков*

– Балдар! Айткылачы, сүрөт тартуунун кандай пайдалуу жактары бар экен?

**СТИЛЬ** деген сөз грек тилинен алынган, (жазуу үчүн учталган таякча) «таякча» дегенди билдирет. Стиль – бул көркөм каражат менен чыгармачыл ыкмалардын жалпылыгы. Муну өзүнчө чыгарманын же жанрдын стили жана айрым авторлордун жекече стили деп түшүнөбүз. Ошондой эле бүтүндөй доордун же ири көркөм багыттардын стилин айтууга болот. Тактап айтканда, чыгарманын бүтүндөй идеялык-тематикалык системасынан (мисалы, идея, тема, образ, сюжет, тил) көрүнүүчү көркөм биримдик, башкалардан айырмаланып турган өз алдынчалык. Стиль түшүнүгү, мисалы, сүрөтчүнүн дүйнөгө болгон көз карашы, турмушту чагылдыра билүү ыкмасынын ар түрдүүлүгү, өзгөчөлүгү менен айырмаланышы болуп саналат.

## ӨНӨРҮ КӨЗГӨ КӨРҮНГӨН ӨНӨРПОЗ БОЛГУЛА, БАЛДАР АЙ!

### СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВ

– Балдар! Бул Кыргыз Республикасынын эл артисти, таланттуу кино актёр, белгилүү сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов агайыңар! Ал 1939-жылдын 9-ноябрында Чүй областынын Аламүдүн районундагы Чоң-Таш айылында туулган. Сүймөнкул Чокморов бала чагынан эле ден-соолугун бекемдөө үчүн спорт менен алектенген. Волейбол ойногонду абдан жакшы көргөн. Ошол эле учурда сүрөт тартканга да абдан кызыккан. Ошентип ал чыгармачылыгын бала кезинен эле баштаган. Ал сүрөт тартмайынча тура алган эмес, бош убактысын чиймелеп сүрөт тартуу менен өткөргөн. Мектептен билим алгандан кийин билимин өркүндөтүү үчүн мурдагы Ленинград шаарындагы И. С. Репин атындагы Көркөм сүрөт академиясын 1964-жылы бүтүргөн. Дипломун алгандан кийин Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайында сабак берген. Анын «Эне», «Тоо кечи», «Саякбай Каралаев», «Алиман Жанкорозова», «Советбек Жумадылов», «Актриса», «Узатуу» жана башка ушул сыяктуу бир нече живопистик чыгармалары бар. Тактап айтканда, ал 500дөн ашык сүрөт тарткан. Учурда анын 30га жакын эмгеги дүйнөлүк белгилүү чоң музейлерде илинип турат. Ошондой эле анын актёрлук чеберчилиги да жаш кезинен эле билине баштаган. 1968-жылы «Караш-караш окуясы» кинотасмасына биринчи жолу тартылып, башкы каармандын ролун мыкты аткарган. Кийин «Жетинчи ок», «Дерсу Узала», «Кызыл алма», «Жамийла», «Атайын комиссар», «Улан» жана башка ушул сыяктуу бир нече фильмдерде мыкты образдарды жараткан. Сүймөнкул Чокморов талантынын көп кырдуулугу менен элге кеңири таанылып, кыргыз искусствосунун кайталангыс, өзгөчө бай казынасын түзгөн.

– Мына, балдар! Силер эки кесипти аркалаган мыкты кино актёр жана кыл калемдин мыкты чебери, таланттуу сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов агайыңар менен тааныштыңар. Силер да ушул агайыңардан үлгү алып, ушундай чыгаан эр азаматтардан болгула!



*Суймөнкул Чокморов*



*Суймөнкул Чокморов иш үстүндө*

# Тт

## ТЕОДОР ГЕРЦЕН

– Балдар! «Манас» эпосу жөнүндө маалымат берилгенде ар убак Манастын төрөлүшүн, балалык чагын же анын баатырдыгын чагылдырган элестүү сүрөттөрдү көрөбүз. Ал сүрөттөрдү көрүп, ким тартты экен? деп таң калып, суктанып карайбыз.



*Т. Герцен*

– Билгиңер келсе, балдар! Ал сүрөттөрдү таланттуу жана белгилүү биздин сүрөтчүбүз, чебер график-пейзажист жана монументалдык живопист Теодор Герцен тарткан. Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү Теодор Герцен Москва жана Бишкек шаарларындагы Көркөм сүрөт окуу жайларынан монументалдык-живопись боюнча билим алган. Ал Кыргызстандагы алгачкы монументалист-живопист катары белгилүү. Ал «Дем алуу», «Соң-Көл», «Жылкычылар» сыяктуу бир нече мозаикаларды жана китеп графикасында линогравюра-сүрөттөрдүн кеңири циклин түзгөн. Мисалы, «**Манас**» эпосун барактасаңар, андагы өтө кызыктуу 200дөн ашык жанрдык жана портреттик гравюралар Т. Герцендин калемине таандык. Ошондой эле «Мөл булак», «Манастын күмбөзү», «Соң-Көлдө», «Менин өнөрканам», «Үрмарал суусу», «Талас тоолору», «Талас суусу», «Киров суу сактагычы», «Кечки жомок» жана башка көрүнүктүү чыгармалары бар. Т. Герцендин эмгектери Г. Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт искусство музейинде, КМШ өлкөлөрүнүн жана Германиянын музейлеринде, ошондой эле өздүк коллекцияларда сакталууда.

**ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ**

– Балдар, бул таланттуу сүрөтчү, скульптор, Кыргыз Республикасынын Баатыры жана эл сүрөтчүсү, бир нече мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, академик, педагог Тургунбай Садыков агайыңар. Ал Москванын Жогорку көркөм өнөрчүлүк окуу жайында билим алган. Т. Садыков «Жылкычы», «Революциянын каармандары» аттуу скульптуралардын жана С. Ибраимов көчөсүндөгү 1941–45-жылдардагы Экинчи дүйнөлүк согуштун катышуучуларына арналып тургузулган комплекстин, ошондой эле «Ала-Тоо» аянтындагы Эркиндик айкелинин автору. Бишкектеги Көркөм өнөр академиясынын жана анын алдындагы талантуу балдардын жатак-мектебинин негиздөөчүсү. Скульптор азыр да өнөрканасында жаңы эмгектердин үстүндө иштөө менен өзү негиздеген Улуттук көркөм өнөр академиясында таланттуу жаштарды тарбиялап келет.



*Т. Садыков*

**ТҮС** – биринчиден, бул бир нерсенин өңү; көркөм сүрөт өнөрүнүн негизги каражаттарынын бири; экинчиден, мотив же көркөм чыгармачылык ансамблдеги өзүнчө турган *түстүк, тондук* сапаты. Натурадагы түстүн өзгөрүүлөрү жарык, форма, материал, аралыктык өзгөрүүлөргө так дал келүү менен, натыйжада, жарык шаңы менен тыгыз биримдикте мына ушул объективдүү дүйнөнүн бүт касиеттерин чагылдырат. Ошондуктан көркөм искусстводо түс кө-

лөмдүү жана мейкиндиктик моделдөө каражаттарынын бири катары реалдуу чөйрөдө предметтерди туура сүрөттөөгө кызмат кылат. Анткен менен сүрөтчү натуранын түстүк түрлөрүн тике көчүрбөйт. Живопистеги предметтик-сүрөттөөчү жак маанилүү жана баштапкы бойдон кала берет жана түстөрдүн ролун чектебейт. Түс аркылуу сүрөтчү көркөм форманын башка элементтери сыяктуу эле маанилүү жана мүнөздүү нерселерди ачып көрсөтөт, ал түстөрдү композициялык фактор катары пайдаланат жана аны көркөм мүнөздөөдө жана башка кошумча каражат катары колдонот. Живописте түстөрдүн эмоционалдуу таасири зор жана көп түрдүү. Кеңири мааниде түс көбүнчө мазмуну боюнча колорит түшүнүгү менен жакындашып кетет. Мотивдеги жана чыгарманын ансамблдеги өзүнчө алынган түстүк түрдүк артыкчылыгы менен касиеттери көбүнчө коңшулаш түрлөрдүн ачык-айкын жана чыныгы өз ара байланышына көз каранды. Түстөрдүн түрү көп, мисалы көк түстүн эле бир нече түрү бар.



*Түрдүү түстөр*

– Балдар, силер кандай түстөрдү билесиңер? Атагылачы!

# Фф

## ФОТОИСКУССТВО

– Балдар, фото дегенди жакшы билесиңер, ал да көркөм сүрөт өнөрүнө кирет. Себеби, ал да чыгармачылыкты талап кылат жана фотоискусство деп аталат. Сүрөттү атайын фотоаппараттын жардамы менен тартабыз. Үйрөнүп алып, силер да каалаган нерсеңерди тартсаңар болот.




*Фотоаппарат*

## ТАП, ТАБЫШМАК!

Бир адамды он адам кылам десе,
Башынан ойлоп жүрүп камын жесе,
Бир адамды он адам кылат экен,
Көрүнөө сандык алып өзү келсе.

(..........)



– Абдан сонун экен! Балдар, силер да фотоаппарат менен сүрөт тарткыла!

# Ээ

– **ЭСКИЗ** деген эмне? Көркөм сүрөт өнөрүндө картина же скульптураны иштеп чыгуудан мурда сүрөтчү абдан көп эскиздерди жасайт жана андан өзү каалаган иштин мазмунун, түзүлүшүн иштеп чыгат же издейт. Эскиздин техникасы жана көлөмү ар түрдүү болот. Ал карандаш менен тез шилтей салган сүрөттөмө же толук иштелип чыккан «материалдагы» композиция да болушу мүмкүн. Ар бир эскиз сөзсүз түрдө сүрөтчү ойлогон чоң иштин негизги идеялык образдык мазмунунан түшүнүк берип турууга керек.

– Балдар, бул ар түрдүү жалбырактардан алынган эскиз. Силер да эскиз жасап көргүлөчү!











## АКЫЛ – АЙГА ЖЕТКИРЕТ
## ӨНӨР – КӨККӨ ЖЕТКИРЕТ

**ЭТЮД** – француз тилинен которгондо окуп үйрөнүү дегенди билдирет. Көркөм сүрөт өнөрүндө толугу менен *натурадан* алынган жана аны терең окуп үйрөнүүгө арналган анча чоң эмес көлөмдөгү, көмөкчү мүнөздөгү чыгарма. Этюддун жардамы менен сүрөтчү өзү алдын ала ойлогон картинаны же скульптуралык композициянын бөлүктөрүн иштеп чыгат, иш учурунда пайда болгон көркөм практикага таандык суроолорду чечет, ошондой эле өзүнүн кесиптик чеберчилигин өркүндөтөт.

Этюд бири-биринен таптакыр айырмаланган бир нече мааниге ээ жана алар негизинен көркөм сүрөт өнөрүндө эң көп кездешкен маанилеринин бири живопись тармагын билдирет. Бул жагынан алганда, бул адатта жашоодон аткарылып, пейзаж, натюрморт, портрет же чындыктагы чагылдыруунун негизинде көркөм сүрөт искусствосунун башка жанры боло турган чыгарманы билдирет. Көпчүлүк учурда, эскиз чийме деп да аталат, анын иштелип чыгуу даражасы анчалык деле чоң эмес, анткени ал келечектеги бүткөрүлгөн иштин варианттарынын бири болуп саналат. Демек, олуттуу сүрөтчү, эреже боюнча, бир чоң чыгарма үчүн бир нече эскиздерди түзөт. Этюд театр, музыка, спорт тармактарында да кездешет.



*Алма. Этюд*



*Куз. Этюд*

## ЖОМОК ОКУЙБУЗ, БАЛДАР!

## АКЫЛДУУ БАЛДАР

Илгери өткөн заманда бир абышка, кемпирдин Айгерим жана Арген деген балдары болуптур. Алар өтө тентек, ата энесин да, бири-бирин да укпаган бейбаш жана ынтымагы жок балдар экен. Бир күнү алар ата-энесинин айткандарын укпай, алыска ойноп кетип калышат. Балдар кеч киргенин билбей адашып, караңгы коюу түндө жарыкты издеп, өтө алыска кетип калышат. Таң аткыча уктабай абдан чарчашат. Таң атканда карашса, таптакыр башка жакта жүргөн болушат. Үйү тургай, айылы да көрүнбөйт. Ачка, чарчаган балдар уктайлы дешсе аларды капыстан чыга калган аюу кубалайт. Экөө кыйкырып качып баратышып, чоң агын сууга түшүп кетишип, агып жөнөшөт. Аларды жей албай калганына өкүнүп, аюу артка кетет. Балдар агып баратса, сууда сүзгөн жылан кубалайт. Балдар андан коркконунан жээкке качып чыгышат. Алар титиреп үшүп, ыйлап отурушса, ары жактан карышкыр чыга калып, экөөнү жемек болот. Ошондо Арген эжекеси Айгеримди катуу кучактап ыйлап жиберет. Эки адамдын бир адамга жабышып калганын көргөн карышкыр чочуп кетип, качып жөнөйт. Ошондо Айгерим менен Арген кучакташкан бойдон көпкө ыйлашат да, ынтымактуу болсо эч ким жей

албасын түшүнүшөт. Бири-бирин сыйлаган көп жамандыктардан сактаарын билишет. Анан алар ынтымактуу болууга сөз беришет. Экөө дагы бирөө келип кол салбасын деп уктагандан коркуп, ыйлап отура беришет. Ата-энелерин абдан сагынышат. Эч качан урушпайлы, апабызды, атабызды сыйлайлы дешет. Ошондо кайдан жайдан аппак сакалдуу абышка пайда болуп, экөөнө саламдашат, экөө ордуларынан тура калып учурашып, үйлөрүнө жеткирүүгө жардам сурашат. Абышка балдарга ушул суунун жээги менен түптүз кете берсе үйлөрүнө жетээрин айтып, көздөн кайым болот. Эки бала жетелешкен бойдон суунун жээги менен кете берет, кете берет, бирок эч жетишпейт. Акыры чарчап, ачка болуп отуруп калышат. Анан суунун ичинде балыктардын сүзүп жүргөнүн көрүшүп, аларды кармап, от жагып бышырып жешет. Ошондогу балыктын даамы укмуш сезилди экөөнө, тим эле жеп аткан бармагын тиштеп ийгилери келет. Көрсө, адам өз эмгеги менен тапкан тамагы таттуу болот турбайбы дешет балдар. Алар курсактарын тойгузгандан кийин кучакташкан бойдон уктап калышат. Канча уктаганын ким билсин, ойгонуп кетишсе, уйкулары канып калыптыр. Эч ким аларга тийбептир. Алар туруп бети-колдорун жуунуп, от жагып көпкө отурушат. Тентек болуп жүргөн күндөрүн эстешет, ата-энесин сагынганын айтышат. Анан кеч кирип кетпесин деп кайра дагы балык кармап жешип, жолун андан ары улашат. Кете беришип, кете беришип, үч күн, үч түн дегенде араң алардын айылы, анан үйү көрүнөт. Ошондо балдар чарчап-чаалыккан кебетелери менен элдин көзүнө көрүнгүлөрү келбей, кийимдерин чечип жууп, өздөрү да жуунуп, чачтарын иретке келтирип, татынакай болуп баралы дешет. Алар жуулган кийимдерин кийели деп атышканда баягы аксакал пайда болуп, аларга чак кооз кийимдерди жана дүр дүйнө тамак аштарды берет. «Эми эч качан урушпагыла, ата-энеңерди сыйлагыла» деп кетет.

Балдар сүйүнгөнүнөн жаңы кийимдерди кийинишип, түрдүү тамак-аштарды көтөрүнүп, үйүн көздөй чуркап кетишет. Аларды көргөн адамдардын баары таң калып карап калышат. «Балдарыбыз жоголуп өлдү» деген ата-энеси ыйлай берип көздөрү көрбөй калган болот. Алар балдарынын үндөрүн угуп, көздөрү көрүп калат. Балдар бара калып эле ата-энеси менен учурашкандан кийин бири үйүн жыйнап, бири тамак бышырып, ата-энесин сыйлап жашап калышкан экен. Алар ошентип абдан акылдуу, билимдүү, сулуу балдар болуп чоңоюшуп, бактылуу жашашат.

## ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУ

Улуу тоонун ары жагында «Укмуштар өлкөсү» деген өлкөдө бир суйкайган сулуу ханыша жашаптыр. Ал ханышанын кичинекей наристеси бар экен. Бул өлкөнү негизинен periштелер коргоп турушчу. Ал периштелердин да ханышасы бар болчу. Периштелердин баары сулуу ханышанын наристесинин айланасына чогулушуп, ыр ырдашчу. Жада калса ханышанын айланасында да башка периштелер айланып, аны коргоп жүрүшчү. Наристенин айланасындагы периштелердин ханышасы башка периштелерге карап:

–Силер бул наристеге эң жакшы көргөн нерсенерди белек кылып беришиңер керек, -дейт. Периштелер бешиктеги наристеге карашып каалоолорун айта баштащат. Анда биринчи периште:

– Мен сага көргөндүн көз жоосун алган сулуулукту белек кылып берем. Баарын суктандырып, таң калтырасын, – дейт. Экинчиси:

– Мен сага ушундай сонун, мончоктой көз тартуулаймын. Эгер башка бирөө караса, анда аны сыйкырлап аласын, – дейт. Анда үчүнчүсү:

– Мен сага узун бой тартуулайын. Бул дүйнөдө башка эч кимде ушундай кооз тулку бой болбойт – дейт. Жогоркуларды уккан төртүнчү периште бешикке ийилип туруп:

– Сен аябай бай болосун. Эч качан кыйынчылык тартпайсын,- деп эн жакшы көргөн нерселерин тартуулайт экен. Буларды уккан периштелердин ханышасы тартууланган нерселер тууралуу ойлонуп: «Сулуулук жаш өткөн сайын кетет. Көздүн, жүздүн сулуулугу гүлдүн жалбырагы сыяктуу күн өткен сайын соолуйт. Байлык дагы инсанды түбөлүккө бактылуу кыла албайт. Менимче, алар берген тартуулар бул наристени бактылуу кыла албайт...» дейт ичинен. Анан бул оюн периштелерге айтат. Муну уккан периштелер:

– Биз чынында мындан башка эмне бере алмак элек? – дешет. Анда периштелер ханышасы:

– Мен бул наристеге жакшылыкты берейин. Жакшылык кылбаган инсан жыты жок гүл сыяктуу. Силер берген тартуулар түбөлүктүү эмес. Жакшылык болсо соолбогон кудук сыяктуу. Канчалык терендиктен суу алсан, ошончолук дагы суу тунук болуп чыга берет. Дүйнөдөгү түгөнбөгөн жалгыз нерсе бул–жакшылык деп айткан экен.

– БАЛДАР! УШУНУ МЕНЕН КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНӨ ЖАСАГАН САЯКАТЫБЫЗ СОҢУНА ЧЫКТЫ. ДЕГИ ЭЛЕ, КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ СИЛЕРГЕ ЖАКТЫБЫ? АБДАН КЫЗЫКТУУ БЕКЕН? СИЛЕР БУЛ КИТЕПТЕН ЭМНЕНИ БИЛДИҢЕР, ЭМНЕНИ ҮЙРӨНДҮҢӨР ЖАНА ЭМНЕНИ БИЛГИҢЕР КЕЛЕТ? ОЮҢАРДЫ БИЛДИРИП, БИЗДИН ДАРЕККЕ ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨ КАЛТЫРСАҢАР БОЛОТ.



## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Краткий словарь терминов изобразительного искусства. – М., 1959.

2. Термины по изобразительному и декоративно-прикладному искусству. – Б., 2003.

3. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери. – Б., 1995.

4. Көркөм сүрөт өнөрү. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү/Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б., 2004.

5. Көркөм өнөр/Д. Акматов, А. Багдасарян.- Башталгыч класстар үчүн окуу китеби. – Б., 2012.

6. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы (7 томдук). – Б., 2004–2016.

7. Кыргыз сүрөтчүлөрү жөнүндөгү маалыматтар интернеттеги жеке порталдарынан алынып, стилге салынды.

8. Иллюстрациялар, сүрөттөр, портреттер интернет булактарынан (Wikipedia, Gooqle) алынды.

9. Аталган эмгектин айрым макалаларына М. Молдалиева автор катары катышкан (Г. Айтиев, ансамбль, Т. Герцен, Т. Садыков, С. Чокморов, автопортрет, альбом, тест, Б. Жумабаев, калька, компьютер, көркөм сүрөт академиясы, фотоискусство ж.б.).

10. Жаңылмачтар А. Муратовдун «Үч жүз жаңылмач» китебинен алынды.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз ..................................................... 3
Автопортрет ..................................................... 5
Айтиев Гапар ..................................................... 6
Акварель ..................................................... 8
Альбом ..................................................... 11
Ансамбль ..................................................... 13
Бир шилтем ..................................................... 14
Бисквит ..................................................... 17
Боёк ..................................................... 18
Боёк менен сүрөт тартуу ..................................................... 20
Вазопись ..................................................... 21
Галерея ..................................................... 23
Гравер ..................................................... 24
Гравюра ..................................................... 24
Графика ..................................................... 25
Гуашь ..................................................... 31
Дизайн ..................................................... 33
Жанр ..................................................... 34
Живопись ..................................................... 34
Жибектеги живопись ..................................................... 35
Жумабаев Белек ..................................................... 36
Зарисовка ..................................................... 37
Иллюстрация ..................................................... 38
Интерьер ..................................................... 39
Каллиграфия ..................................................... 40
Калька ..................................................... 41
Карандаш ..................................................... 42
Карикатура ..................................................... 45
Картина, сүрөт ..................................................... 46

Клей живописи ........ 46
Коллаж ........ 48
Композиция ........ 49
Компьютер, ноутбук, планшет ........ 50
Компьютердик графика ........ 50
Көркөм сүрөт академиясы ........ 52
Кум менен сүрөт тартуу ........ 53
Кыргыз көркөм сүрөт өнөрү ........ 54
Май боёк живописи ........ 56
Мозаика ........ 57
Натура ........ 61
Натюрморт ........ 63
Орнамент ........ 67
Өнөркана ........ 70
Палитра ........ 71
Пастель ........ 72
Пейзаж ........ 74
Портрет ........ 76
Сайма ........ 76
Семён Чуйков ........ 78
Скульптура ........ 80
Сүрөт ........ 81
Сүрөт тартуу ........ 81
Стиль ........ 83
Сүймөнкул Чокморов ........ 84
Теодар Герцен ........ 86
Тургунбай Садыков ........ 87
Түс ........ 87
Фотоискусство ........ 89
Эскиз ........ 90
Этюд ........ 92
Жомок окуйбуз ........ 93
Колдонулган адабияттар ........ 97

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ

*Балдар энциклопедиясы*

*Китептин сүрөттөрү интернет булагынан алынды*


Түзгөн: *Молдалиева М.*
Редактору *Токтошев К.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Бекетаева А.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 02.09.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^1/_8$.
Көлөмү 12,5 б.т. Нускасы 200.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.